**2019-2022-жылдары балдарды коргоо борбору №54 жалпы орто билим берүү мектебинин окуучуларынын аткарган иштери тууралуу.**

Тренингдин аталышы : " Балдарга карата зордук-зомбулуктун алдын алуу "долбоорунун алкагында 10 окуучу 8-класстардын арасынан тандалып алынды. Ошол эле окуучулар менен бирдикте 5 күндүк тренинг болуп өттү. Алар жашоого керектүү болгон ыкмаларды тренингден өтүштү. Бул тренинге алты кыз жана төрт эркек бала катышты.Тандалып алынган окуучуларыбыз тренингдерге активдүү катышып жаңы конуштарда жайгашкан мектептердин окуучулары менен биргеликте иш алып барышты.

Суроо-жооп иретинде берилген тапшырмаларды так аткарышты.Ар бир мектептин окуучулары маанайын көтөрүү максатында бири –бирине комплемент айтышты. Адегенде окуучулар тренер сабак өткөндөн кийин кунт коюп угуп анан өздөрү кийинки сабакта тренер болуп өз алдынча сабак өтүүдө көптөгөн ийгиликтерге жетише алышты.2021-жылы " Лидерлик мектеп" деген темада тренинг көгүлтүр Ысык-Көлдүн жээгинде жайгашкан "Рояль Бич"пансионатынын жыйын залында өтүлдү.Окуучулар окуу менен эле чектелбестен эс алуусуна да шарт түзүлдү. Мектептин окуучуларына 3-класстан баштап 10-класстын окуучуларына тренер болуп сабак өтүштү. Башка мектептин окуучулары менен бирге отуруп тамактануусу, сейилдеп басып бири-бири менен пикир алышуусу жана тренингдерде тажрыйба алмашуусу окуучулардын өз алдынчалуулугуна жана өз оюн тартынбай айтууга үйрөнүштү. Ушул эле жылдары окуучулардын активдүү ата-энелери да "Рояль Бичке" 3 күндүк тренинге барып "Баланы зордук зомбулуксуз тарбиялоо" деген темада тренингдерге катышып, мектепке келип башка ата –энелерге алымча кошумчаларды киргизип сабак өтүштү. Тренинге барып келген ата-энелер үйүндө балдарына болгон мамилеси өзгөргөндүгү байкалды. Ата –энелер менен бирдикте мектептин мугалимдери тренигдерге катышып өзүлөрү үчүн балдарды тарбиялоодо өзгөрүүлөр пайда болду.